КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«05» февраль 2022-жыл.*** ***№9/8*** ***Жар-Кыштак айылы***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ IX СЕССИЯСЫНЫН**

**Т О К Т О М У (көчүрмө)**

**«Ырыс айыл кеңешинин «Ырыс айыл аймагынын Ладан-Кара айылындагы Көк-Арт дарыясынын жээгиндеги айыл чарбасына пайдаланууга жараксыз болгон курулуш астындагы жерлерден социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөөлөргө турак жай курууга жер тилкесин бекитип берүү жана муниципалдык менчикке алуу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү туралуу"**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамын жетекчиликке алып, айыл кеңешинин Регламентине ылайык, айыл өкмөтүнүн адистерин сунушун негизинде, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Ырыс айыл кеңешинин 27.10.2021-жылдагы №7/8 сандуу токтомунун 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын.

"Ушул токтомдун 1-пункту боюнча айыл өкмөтүнүн адистери тарабынан 15,0 га жер тилкеси менчигинин түрү боюнча тактaлып, мамлекеттик жана жеке менчик аянттары аныкталгандан калган курулуш астындагы 3,6 га аянты муниципалдык менчикке алынсын жана Ырыс айыл аймагында жашаган жана социалдык коргоого муктаж болгон үй бүлөөлөргө турак жай жана көмөкчү чарба куруу үчүн айыл өкмөтү тарабынан бөлүнүп берилсин".

2. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Ырыс айыл аймагынын расмий www.yrys.org.kg сайтына жарыялансын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл кеңешинин төрагасынын орунбасары Н.Аширбаевага милдеттендирилсин.

**Ырыс айыл кеңешинин төрагасы:** **Ш.Кадиркулов.**